# KyrSEFF III программасы – ДКИБ үчүн 2-кредит

| | |
|---|---|
| **Ишке ашырыла турган жер** | КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ |
| **Долбоордун номери** | 56215 |
| **Тармагы** | Депозиттик кредиттөө (банктар) |
| **Мамлекеттик/жеке менчик сектор** | ЖЕКЕ МЕНЧИК |
| **Экологиялык категориясы** | FI |
| **Бекиген датасы** | 22-апрель 2025-ж. |
| **Статусу** | Кол коюлган |
| **Долбоордун резюмеси англис тилинде жарыяланган дата** | 30-апрель 2025-ж.<br><br>Маалыматка жетүү мүмкүндүгү жөнүндө директиванын 1.4.2 (iii) бөлүмүнө ылайык: «Директорлор кеңеши долбоорлорду бекитүү боюнча ыйгарым укуктарын Банктын жетекчилигине өткөрүп берген учурларда, бул долбоорлордун резюмеси Банкка мүчө өлкөгө тийиштүү мезгилдин башында жиберилип, аталган мезгил аралыгында ЕРӨБ түзүү жөнүндө макулдашуунун 13 (iii) беренесине ылайык каршылык жок экендиги тууралуу билдирүү жиберилет». |

## Долбоордун сыпаттамасы

«Демир Кыргыз Интернэшнл Банк» (ДКИБ) ЖАКка Кыргызстанда ишке ашырылып жаткан GEFF (KyrSEFF III) программасынын алкагында 15 миллион АКШ долларына чейинки көлөмдө кыргыз сому же АКШ доллары менен биринчи кезектеги кредит берүү. Бөлүнгөн каражаттар энергиялык майнаптуулукту көбөйтүү, энергиянын кайра жаралуучу булактарын өнүктүрүү, туюк цикл экономикасынын принциптерин жайылтуу жана климаттын өзгөрүшүнө туруктуулукту жогорулатуу жаатындагы долбоорлорду ишке ашыруу үчүн суб-зайымчыларды кредиттөөгө багытталмакчы. Долбоор чакан жана орто ишканалардын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн андан ары бекемдөөгө, алардын климаттын өзгөрүшүнө карата туруктуулугун жогорулатууга, ошондой эле өлкөнүн финансы секторун өнүктүрүүгө, айрыкча улуттук валюта менен кредиттерди берүү аркылуу өнүктүрүүгө көмөкчү боло алат.

## Долбоордун максаттары

Операция энергиялык майнаптуулукту жогорулатуу жана сууну үнөмдөөгө багытталган долбоорлорду каржылоодогу ДКИБнын ички потенциалын өнүктүрүүнүн эсебинен атаандаштыкка жөндөмдүү финансы секторун калыптандырууга көмөктөшөт. Бул максатка жетиш үчүн ДКИБ менен кардарларына долбоорлорду жүзөгө ашырууда техникалык колдоо көрсөтүлөт, алардын натыйжалары текшерилет, ошондой эле негизги зайымчыларга инвестициялык стимулдар берилет. Суб-долбоорлорду тандоо KyrSEFF III программалык билдирүүсүндө белгиленген техникалык жана финансылык критерийлердин негизинде ишке ашырылат. Алынган каражаттардын баары «жашыл» экономикага өтүү боюнча инвестицияларга жумшалат.

## Өткөөл процесске таасири

Долбоор Кыргыз Республикасынын турак-жай жана коммерциялык секторлорунда энергиялык майнаптуулукту жогорулатуу жана сууну үнөмдөө боюнча демилгелерди кредиттөөнү кеңейтүүнүн эсебинен «жашыл» экономиканы өнүктүрүүгө көмөктөшөт. Мындан тышкары, долбоор аталган тармактарда жүзөгө ашырылып жаткан башка долбоорлордун оң таасирин практика жүзүндө көрсөтүүгө мүмкүндүк берет.

## Кардар жөнүндө маалымат

«ДЕМИР КЫРГЫЗ ИНТЕРНЭШНЛ БАНК» ЖАК

ДКИБ — ЕРӨБдүн көптөн берки кардары. 1997-жылдан тартып 2018-жылдын аягына чейин банктын акционери болуп келген. Бүгүнкү күндө ЕРӨБ ДКИБге чакан жана орто бизнести каржылоону, энергиялык майнаптуулукту өнүктүрүүгө багытталган кредиттерди, соода-сатыкты каржылоону кошкондо, кредиттик өнүмдөрдүн кеңири спектрин камсыздады. Каржылоонун жалпы көлөмү 50 млн АКШ долларынан жогору. ДКИБ көбүнчө депозиттик каржылоого таянгандыктан, ал эми дүңүнөн карыз алуу жолдорун негизинен эксперттик компетенцияларды өнүктүрүүгө жана өлкөдөгү эл аралык финансы уюмдарынын масштабдуу демилгелерин колдоого багытталган айрым долбоорлорду ишке ашыруу максатында колдонгондуктан, ЕРӨБ банктын негизги дүң кредитору болуп саналат.

## ЕРӨБ каржылоосу

15 миллион АКШ доллары же анын кыргыз сому менен эквиваленти көлөмүндөгү биринчи кезектеги кредит. Кардарга каражаттарды кыргыз сому менен да, АКШ доллары менен да алуу мүмкүндүгү берилет.

## Долбоордун жалпы баасы

15 000 000,00 АКШ доллары.

## Долбоордун кошумча жакшы өңүттөрү

«Толукталуу» принциби кийинкидей факторлордун айкалышуусунун эсебинен камсыз кылынат: (i) улуттук валюта менен орто мөөнөттүү өтө зарыл каржылоону камсыздоо; (ii) каржылоонун инновациялык структурасы менен

инструменттерин колдонуу; (iii) стандарттарды белгилөө; (iv) билимдер менен бөлүшүү, инновацияларды жайылтуу жана потенциалды өстүрүү.

Гендердик толукталууга компаниянын «жашыл» кредиттөө жаатындагы потенциалын гендердик өңүттөрдү эске алуу, ошондой эле аялдар менен эркектердин «жашыл» каржылоо инструменттерине бирдей мүмкүндүк алуусун камсыздоонун жардамы менен жетишиле тургандыгы күтүлүүдө.

## Социалдык жана экологиялык талаптардын сакталышы

ДКИБ ЕРӨБдүн туруктуу кардары жана Банкка социалдык-экологиялык талаптардын сакталышы жөнүндө сапаттуу жылдык отчётторду дайыма берип турат. ДКИБ микро-, чакан жана орто ишканаларды, ошондой эле корпоративдик кардарларды кредиттөөдө социалдык-экологиялык тобокелдиктерди башкаруу процедураларын колдонууну улантууга; ЕРӨБдүн Долбоорлорду ишке ашырууга карата №2, №4 жана №9 талаптарын, анын ичинде ЕРӨБдүн социалдык-экологиялык өңүттөргө тиешелүү жана 2019-жылы кабыл алынган Социалдык-экологиялык саясатка киргизилген кеңейтилген «Тыюу салынган тизме» жана «Шилтемелер тизмеси» боюнча талаптарды сактоону улантууга жана Банкка жылдык социалдык-экологиялык отчётторду тапшырып турууга тийиш. Мындан тышкары,  KyrSEFF программасынын алкагында бериле турган суб-кредиттер зарыл болгон учурларда шамал энергетикасы, суу энергетикасы, күн энергетикасы, геотермалдык энергетика жана биомасса чөйрөлөрүндөгү долбоорлорго карата социалдык-экологиялык тандоо критерийлерине да жооп бериши керек.

## «Жашыл» талаптарга шайкештигин баалоо

Долбоордун Париж макулдашуусунун жоболоруна шайкештиги ЕРӨБдүн кыйыр каржыланган инвестицияларды баалоого карата мамилесинин негизинде аныкталат. Аныктоо 1-принципти (Париж макулдашуусу боюнча контрагенттин милдеттенмелери) жана 2-принципти (субтранзакциялар чыпкасын колдонуу) колдонуу менен ишке ашырылат.

ЕРӨБдүн каржылоосунун алкагында берилген каражаттардын баары (100%) «жашыл» каржылоо катары классификацияланат, себеби климаттын өзгөрүүсүнүн кесепеттерин жеңилдетүү, климаттык өзгөрүүлөргө адаптациялануу, айлана-чөйрөнү коргоо жана башка экологиялык максаттарга жетүү боюнча ишмердүүлүктү колдоого багытталган.  ЕРӨБ инвестицияларын «жашыл» каржылоого киргизүү Банктын инвестициялардын Париж макулдашуусунун талаптарына шайкештигин аныктоо боюнча методологиясына ылайык аткарылат.

## Техникалык кызматташуу жана гранттык каржылоо

KyrSEFF III техникалык кызматташуу программасынын алкагында ДКИБ маркетинг, долбоорлорду иштеп чыгуу жана даярдоо, ошондой эле программаны гендердик өңүттөрдү эске алуу менен ийгиликтүү башкаруу жана жүзөгө ашыруу маселелери боюнча консультациялык колдоого ээ болот.

Каржылоо булагы: ЕРӨБ акционерлеринин атайын фонду.

## Компаниянын байланыш маалыматтары

Нурлан Эсеналиев
Nurlan.Esenaliev@demirbank.kg
+996312909060
www.demirbank.kg
Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Чүй пр., 245, 720001

**Долбоордун резюмесин акыркы жаңылоо датасы**

## Өткөөл процесс боюнча түшүндүрмө

ЕРӨБдүн өткөөл мезгилге таасир этүүгө карата мамилеси жөнүндө толук маалыматты бул жерден таба аласыздар.

## Ишкердик мүмкүнчүлүктөрү

Ишкердик мүмкүнчүлүктөрү жана сатып алуулар боюнча кардар компания менен байланышыңыздар.

ЕРӨБ менен ишкердик мүмкүнчүлүктөрү (сатып алууларга байланышпаган) боюнча төмөндөгү жолдор менен байланышыңыздар:

Тел: +44 20 7338 7168

Эл.почта: projectenquiries@ebrd.com

Мамлекеттик сектордогу долбоорлор боюнча ЕРӨБдүн сатып алуулар боюнча сайтына кириңиз:
Тел: +44 20 7338 6794
Email: procurement@ebrd.com

## Жалпы маселелер

Конкреттүү суроо-талаптар ЕРӨБдүн суроо-талаптар формасы аркылуу берилет.

## Экологиялык жана социалдык саясат (ЭСС)

ЭССде жана Ишке ашыруу талаптарында (ИАТ) ЕРӨБ «экологиялык жактан негизделген жана туруктуу өнүктүрүүгө» көмөктөшүү боюнча өзүнүн милдеттемелерин кандайча аткаргандыгы тууралуу баяндалган. ЭСС менен ИАТ кардарлардын коомдук маалымат жана

консультациялар тууралуу улуттук мыйзамдардын талаптарын сактоосу жөнүндө конкреттүү жоболорду, кызыкдар тараптардын, анын ичинде экологиялык көйгөйлөр, кардарлардын жана долбоордун социалдык натыйжалуулугу боюнча тынчызданууларын менен арыздарын алуу жана аларды чечүүнү жеңилдетүү үчүн даттанууларды кароо механизмдерин түзүүнү өзүнүн ичине камтыйт. Экологиялык жана социалдык тобокелчиликтердин мүнөзү жана масштабына жана долбоордун таасир этүүлөрүнө жараша, ЕРӨБ өзүнүн кардарларынан зарыл болгон учурларда долбоорлорду жүзөгө ашыруунун жыйынтыгында келип чыга турган тобокелчиликтер менен таасирлер же кызыкдар тараптар менен маңыздуу консультацияларды жүргүзүү, ошондой эле Кайтарым байланышты кароо жана ага реакция кылуу жөнүндө маалыматтарды ачыктоону кошумча талап кылат.

Бул жагдай тууралуу ЕРӨБдүн тажрыйбасы жөнүндө тагыраак маалыматтар ЭССде баяндалган.

## Бүтүндүк жана шайкештик

ЕРӨБдүн Шайкештик боюнча башкы кызматкеринин кеңсеси (ШБКК) Банктын баардык ишмердүүлүгүнө, мыкты эл аралык тажрыйбаларга ылайык, талаптагыдай башкарууга көмөктөшөт жана акниеттүүлүктүн эң мыкты стандарттарын колдонууну камсыз кылат. Акниеттүүлүк боюнча комплекстүү текшерүү долбоорлордун банк үчүн акниеттүүлүк менен репутациянын кабыл алынгыс тобокелчиликтерин сунуштабашын камсыздоо үчүн жүргүзүлөт. Банк долбоорду баалоону бекитүү баскычында көйгөйлөрдү аныктоону жана чечүүнү банктык операциялардын бүтүндүгүн камсыздоонун натыйжалуу каражаты деп эсептейт. ШБКК мындай коргоочу аракеттерде маанилүү ролду ойнойт, ошондой эле инвестиция кылгандан кийин долбоорлордогу бүтүндүүлүк тобокелчиликтерин көзөмөлдөөдө жардам берет.

ШБКК ошондой эле ЕРӨБ тарабынан каржыланган долбоорлордогу алдамчылык, коррупция жана мыйзамсыз аракеттер жөнүндө билдирүүлөрдү иликтөөгө жооп берет. Банк ичиндеги, ошондой эле банк сыртындагы алдамчылыкка же коррупцияга шектенген адам compliance@ebrd.com электрондук дареги аркылуу көзөмөлдөө боюнча башкы кызматкерге жазуу жүзүндө кабар бериши керек. Жиберилген баардык материалдар кийинки кадамдарды көрүү үчүн ШБККда каралат. Баардык билдирүүлөр, анын ичинде анонимдүү берилгендери да, каралат. Билдирүүлөр банк колдонгон же анын ишмердүүлүгү жүргүзүлгөн өлкөлөрдүн каалаган тилдеринде түзүлүшү мүмкүн. Берилген маалыматтар ишенимдүү болушу зарыл.

## Маалыматтын жеткиликтүүлүгү жөнүндө саясат (МЖС)

МЖС, 2020-жылдын 1-январынан тарта күчүнө киргенден кийин, ЕРӨБдүн маалыматты кантип ачыктаарын жана өзүнүн стратегияларынан, саясаттарынан жана операцияларынан кабардар болуусу менен аларды түшүнүүсүн жогорулатуу максатында кызыкдар тараптар менен кантип кеңешээрин аныктайт. ЕРӨБдүн веб-сайтында кандай маалымат бар экенин билүү үчүн Маалыматтын жеткиликтүүлүгү жөнүндө саясат бетине кириңиз.

Маалымат алууга конкреттүү суроо-талаптарды ЕРӨБдүн суроо-талаптар формасы менен жөнөтүүгө болот.

## Долбоорлор боюнча көзкарандысыз отчеттуулук механизми (ДКОМ)

Эгер Кардар же Банк менен экологиялык, коомдук же социалдык көйгөйлөрдү чечүү боюнча аракеттер ийгиликтүү болбосо (маселен, Кардардын долбоор деңгээлиндеги даттануулары кароо механизми аркылуу же Банк жетекчилиги менен түз сүйлөшүү аркылуу), жеке жактар жана уюмдар аларды тынчсыздандыргын маселелерди Долбоорлор боюнча көз карандысыз отчеттуулук механизми (ДКОМ) аркылуу чечүүнү тандашы мүмкүн.

ДКОМ долбоордун зыян келтирген (же зыян келтириши мүмкүн) деп эсептелген маселелерин өз алдынча карайт. Бул Механизмдин максаты - экологиялык, социалдык жана коомго маалыматты ачыктоо көйгөйлөрүн чечүүдө кызыкдар тараптардын ортосундагы диалогду колдоо; банк өзүнүн экологиялык жана социалдык саясаты менен маалыматтын жеткиликтүүлүгү жөнүндө саясатынын долбоорго тиешелүү болгон жоболорун сактап же сактабай жатканын аныктоо; жана тиешелүү учурларда, бул саясаттардын сакталбаган жагдайларын четтетүү, ошол эле маалда келечекте Банктын бул саясаттардан четтөөсүнүн алдын алуу болуп саналат.

Долбоорлор боюнча Көзкарандысыз Отчеттуулук Механизминин веб-баракчасына кирип, ДКОМ жана анын мандаты жөнүндө; карап чыгуу

үчүн [Арыз берүү](#) жолдору; же ДКОМ жана арыз берүү жолдору жөнүндө кошумча түшүндүрмө жана маалымат алуу үчүн ДКОМ менен [ipam@ebrd.com](mailto:ipam@ebrd.com) электрондук дареги аркылуу байланышуу тууралуу көбүрөөк биле аласыз.

## Өткөөл процесс боюнча  түшүндүрмө

ЕРӨБдүн өткөөл мезгилге таасир этүүгө карата мамилеси жөнүндө толук маалыматты [бул жерден](#) таба аласыздар.

## Ишкердик мүмкүнчүлүктөрү

Ишкердик мүмкүнчүлүктөрү жана сатып алуулар боюнча кардар компания менен байланышыңыздар.

ЕРӨБ менен ишкердик мүмкүнчүлүктөрү (сатып алууларга байланышпаган) боюнча төмөндөгү жолдор менен байланышыңыздар:

Тел: +44 20 7338 7168

Эл.почта: [projectenquiries@ebrd.com](mailto:projectenquiries@ebrd.com)

Мамлекеттик сектордогу долбоорлор боюнча [ЕРӨБдүн сатып алуулар боюнча сайтына кириңиз:](#)
Тел: +44 20 7338 6794
Email: [procurement@ebrd.com](mailto:procurement@ebrd.com)

## Жалпы маселелер

Конкреттүү суроо-талаптар [ЕРӨБдүн суроо-талаптар формасы аркылуу берилет.](#)

## Экологиялык жана социалдык саясат (ЭСС)

[ЭССде](#) жана Ишке ашыруу талаптарында (ИАТ) ЕРӨБ «экологиялык жактан негизделген жана туруктуу өнүктүрүүгө» көмөктөшүү боюнча өзүнүн милдеттемелерин кандайча аткаргандыгы тууралуу баяндалган. ЭСС менен ИАТ кардарлардын коомдук маалымат жана консультациялар тууралуу улуттук мыйзамдардын талаптарын

сактоосу жөнүндө конкреттүү жоболорду, кызыкдар тараптардын, анын ичинде экологиялык көйгөйлөр, кардарлардын жана долбоордун социалдык натыйжалуулугу боюнча тынчыздануулары менен арыздарын алуу жана аларды чечүүнү жеңилдетүү үчүн даттанууларды кароо механизмдерин түзүүнү өзүнүн ичине камтыйт. Экологиялык жана социалдык тобокелчиликтердин мүнөзү жана масштабына жана долбоордун таасир этүүлөрүнө жараша, ЕРӨБ өзүнүн кардарларынан зарыл болгон учурларда долбоорлорду жүзөгө ашыруунун жыйынтыгында келип чыга турган тобокелчиликтер менен таасирлер же кызыкдар тараптар менен маңыздуу консультацияларды жүргүзүү, ошондой эле Кайтарым байланышты кароо жана ага реакция кылуу жөнүндө маалыматтарды ачыктоону кошумча талап кылат.

Бул жагдай тууралуу ЕРӨБдүн тажрыйбасы жөнүндө тагыраак маалыматтар ЭССде баяндалган.

## Бүтүндүк жана шайкештик

ЕРӨБдүн Шайкештик боюнча башкы кызматкеринин кеңсеси (ШБКК) Банктын баардык ишмердүүлүгүнө, мыкты эл аралык тажрыйбаларга ылайык, талаптагыдай башкарууга көмөктөшөт жана акниеттүүлүктүн эң мыкты стандарттарын колдонууну камсыз кылат. Акниеттүүлүк боюнча комплекстүү текшерүү долбоорлордун банк үчүн акниеттүүлүк менен репутациянын кабыл алынгыс тобокелчиликтерин сунуштабашын камсыздоо үчүн жүргүзүлөт. Банк долбоорду баалоону бекитүү баскычында көйгөйлөрдү аныктоону жана чечүүнү банктык операциялардын бүтүндүгүн камсыздоонун натыйжалуу каражаты деп эсептейт. ШБКК мындай коргоочу аракеттерде маанилүү ролду ойнойт, ошондой эле инвестиция кылгандан кийин долбоорлордогу бүтүндүүлүк тобокелчиликтерин көзөмөлдөөдө жардам берет.

ШБКК ошондой эле ЕРӨБ тарабынан каржыланган долбоорлордогу алдамчылык, коррупция жана мыйзамсыз аракеттер жөнүндө билдирүүлөрдү иликтөөгө жооп берет. Банк ичиндеги, ошондой эле банк сыртындагы алдамчылыкка же коррупцияга шектенген адам compliance@ebrd.com электрондук дареги аркылуу көзөмөлдөө боюнча башкы кызматкерге жазуу жүзүндө кабар бериши керек. Жиберилген баардык материалдар кийинки кадамдарды көрүү үчүн ШБККда каралат. Баардык билдирүүлөр, анын ичинде анонимдүү берилгендери да, каралат. Билдирүүлөр банк колдонгон же анын ишмердүүлүгү жүргүзүлгөн өлкөлөрдүн каалаган тилдеринде түзүлүшү мүмкүн. Берилген маалыматтар ишенимдүү болушу зарыл.

## Маалыматтын жеткиликтүүлүгү жөнүндө саясат (МЖС)

МЖС, 2020-жылдын 1-январынан тарта күчүнө киргенден кийин, ЕРӨБдүн маалыматты кантип ачыктаарын жана өзүнүн стратегияларынан, саясаттарынан жана операцияларынан кабардар болуусу менен аларды түшүнүүсүн жогорулатуу максатында кызыкдар тараптар менен кантип кеңешээрин аныктайт. ЕРӨБдүн веб-сайтында кандай маалымат бар экенин билүү үчүн Маалыматтын жеткиликтүүлүгү жөнүндө саясат бетине кириңиз.

Маалымат алууга конкреттүү суроо-талаптарды ЕРӨБдүн суроо-талаптар формасы менен жөнөтүүгө болот.

## Долбоорлор боюнча көзкарандысыз отчеттуулук механизми (ДКОМ)

Эгер Кардар же Банк менен экологиялык, коомдук же социалдык көйгөйлөрдү чечүү боюнча аракеттер ийгиликтүү болбосо (маселен, Кардардын долбоор деңгээлиндеги даттануулларды кароо механизми аркылуу же Банк жетекчилиги менен түз сүйлөшүү аркылуу), жеке жактар жана уюмдар аларды тынчсыздандыргын маселелерди Долбоорлор боюнча көз карандысыз отчеттуулук механизми (ДКОМ) аркылуу чечүүнү тандашы мүмкүн.

ДКОМ долбоордун зыян келтирген (же зыян келтириши мүмкүн) деп эсептелген маселелерин өз алдынча карайт. Бул Механизмдин максаты - экологиялык, социалдык жана коомго маалыматты ачыктоо көйгөйлөрүн чечүүдө кызыкдар тараптардын ортосундагы диалогду колдоо; банк өзүнүн экологиялык жана социалдык саясаты менен маалыматтын жеткиликтүүлүгү жөнүндө саясатынын долбоорго тиешелүү болгон жоболорун сактап же сактабай жатканын аныктоо; жана тиешелүү учурларда, бул саясаттардын сакталбаган жагдайларын четтетүү, ошол эле маалда келечекте Банктын бул саясаттардан четтөөсүнүн алдын алуу болуп саналат.

Долбоорлор боюнча Көзкарандысыз Отчеттуулук Механизминин веб-баракчасына кирип, ДКОМ жана анын мандаты жөнүндө; карап чыгуу

үчүн Арыз берүү жолдору; же ДКОМ жана арыз берүү жолдору жөнүндө кошумча түшүндүрмө жана маалымат алуу үчүн ДКОМ менен ipam@ebrd.com электрондук дареги аркылуу байланышуу тууралуу көбүрөөк биле аласыз.